КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЧҮЙ РАЙОНУ
ОНБИР-ЖЫЛГА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧУЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОНБИР-ЖЫЛГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2025-жылдын 12-июну № 35 Шамшы а.

**Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн административдик имаратында жайгашкан №7042 участкалык шайлоо комиссиясын которуу жөнүндө**

Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн жергиликтүү Айылдык Кеңеши Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн административдик имаратында жайгашкан №7042 участкалык шайлоо комиссиясын административдин реформанын негизинде аппарат кызматкерлеринин штаттык саны, жана жергиликтүү депутаттардын санынын көбөйгөндүгүнө байланыштуу кабинеттер жетишпей тар болгондугунан улам которуу жөнүндөгү маселени карап жана талкуулап чыгып Онбир-Жылга Айылдык Кеңеши төмөндөгүдөй:

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн Шамшы айылынын Калык Чолжиев көчөсүнүн №21 дарегинде жайгашкан Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн административдик имаратындагы №7042 участкалык шайлоо комиссиясы, Шамшы айылындагы Школьная №1 дарегинде жайгашкан Рысменде уулу Акмат атындагы орто мектебинин имаратына которулсун.

2. Токтом Чүй-Бишкек аралык Юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн.

3. Токтомдун көчүрмөсү Чүй аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлсүн.

4.Ушул токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн башчысы - Н.А.Исаевге жүктөлсүн.

Төрага Н.К.Анарбаев